ИНОСТРАННЫЕ ЯЗЫКИ

УДК:811.161.1:2:37.091.3
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_43

Кадыркулова Ф.,
К.Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университети,
профессор,
Узбекова С.,
К.Карасаев атындагы
Бишкек мамлекеттик университети,
окутуучу

СҮЙЛӨМДҮН СЕМАНТИКАЛЫК ЫКМАСЫ

Кыскача мазмуну

Азыркы ааламдашуу шарттарында тектеш жана тектеш эмес тилдерди лексика-семантикалык жана грамматикалык жактан салыштырып изилдөө жалпы тил илими жана ар бир жеке тилдин өнүгүүсү үчүн маанилүү роль ойнойт. Эгерде тектештирме-тарыхый тил илими шайкештиктерди, окшоштуктарды аныктоого негизделсе, салыштырма тил илиминде эки тилдеги айырмачылыктарга басым жасалат. Үйрөнүп жаткан тилди башка тилдерге салыштырбай туруп анын өзгөчөлүгү теориялык лингвистикада гана эмес, чет тилин практикалык жактан дагы өздөштүрүү мүмкүн эмес. Ошондуктан немис жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык айырмачылыктар жана жалпылыктар жалпы тил илиминде актуалдуу маселе болуп саналат. Макаланын негизги максаты - эки тилдеги грамматикалык категориялардын өзгөчөлүгүн жана алардын жалпылыгын тиешелүү мисалдар менен көрсөтүү.

Түйүндүү сөздөр: *грамматика, кыргыз тили, немис тили, айырмачылыктар, жалпылыктар, бирдик, категория, лингвистика, салыштыруу, илим.*

СЕМАНТИЧЕСКИЙ ПОДХОД К ПРЕДЛОЖЕНИЮ

Аннотация

В данной статье сопоставляются синтаксические структуры, при котором учитывается их тесная связь с морфологическими и лексическими явлениями сравниваемых языков. Различия на уровне синтаксиса нередко обусловливаются различиями в системной организации и функционировании морфологических категорий; отсутствием в одном языке категорий, существующих в другом. Подобные различия определяют цель и предмет сопоставительных исследований. При реализации семантического подхода к сравнению между двумя языками устанавливаются следующие соответствия: тождества, частичного тождества, полного различия. При установлении межъязыковых соответствий можно избежать причины переводческих ошибок на иностранном языке. Для достижения данной цели были использованы сравнительный и описательный методы. Следует сделать вывод, что кыргызский и немецкий — это разные типы языков по генетической и морфологической классификации.

Ключевые слова: *синтаксис, структура, различия, тождество, морфология, лексика, категория, сравнение, описательный, метод, наука.*

SEMANTIC APPROACH TO THE SENTENCE

Abstract

This article compares syntactic structures, which take into account their close relationship with the morphological and lexical phenomena of the compared languages. Differences at the level of syntax are often due to differences in the system organization and functioning of morphological categories, and the absence of categories in one language that exist in another. Such differences determine the purpose and subject of comparative researches. When implementing a functional approach to the comparison between two languages, the following correspondences are established: identity, partial identity, and complete difference. While establishing cross-language correspondences, it is possible to avoid the cause of translation errors in a foreign language. To achieve this goal, comparative and descriptive methods were used. It should be concluded that Kyrgyz and German are different types of languages according to the genetic and morphological classification.

Keywords: *syntax, structure, differences, identity, morphology, lexicon, category, comparison, descriptive method, science.*

Чындыкты таанып билүүдө салыштыруу өзгөчө мааниге ээ. Курчап турган дүйнө бир нерсени, кубулушту экинчи бир өзүнө окшош же айырмаланган нерсеге, кубулушка салыштыруу аркылуу таанылат. Аларды бири-бирине салыштыруу аркылуу өз ара окшош жана айырмаланган белгилерди, кубулуштарды аныктоого болот.

Салыштырма тил илими чет тилин окутуу тажрыйбасынын негизинде пайда болгон. Чет тилин үйрөткөн окутуучу жана үйрөнүүчү башка тилди өзүнүн тилине сөзсүз түрдө салыштырат.

Эгерде бир нече тилди өз ара салыштырса, алардын ортосундагы айырмачылыктар менен жалпылыктар аныкталат.

Кыргыз өлкөсү өз алдынча мамлекет болгондон бери улуттук аң-сезим башкача өңүттө өнүгүп, тилчи-окумуштуулар арасында кыргыз тилин башка дүйнө тилдерине салыштырып изилдөө маселесине өзгөчө кызыгуу башталды. Мындай изилдөөлөрдүн ичинде немис жана кыргыз тилдерин салыштыруу маселеси тил илиминде актуалдуу болуп, бир катар салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Эгерде тектештирме-тарыхый тил илими шайкештиктерди, окшоштуктарды аныктоого негизделсе, салыштырма тил илиминде эки тилдеги айырмачылыктарга басым жасалат. Салыштырма методу теориялык жактан Бодуэн де Куртэнэ тарабынан негизделген [1,28б.]. Немис тили боюнча адис катары пикир алышууда кыргыз тили менен немис тилинин окшоштуктарына жана айырмачылыктарына дайыма көңүл бурулат. Бул жерден В. П. Даниленконун «...үйрөнүп жаткан тилди башка тилдерге салыштырбай туруп анын өзгөчөлүгү теориялык лингвистикада гана эмес, чет тилин практикалык жактан өздөштүрүү мүмкүн эмес» деген көз карашын толук колдоого болот [2, 1-б.].

Методология. Бул макалада кыргыз жана немис тилинин грамматикасы салыштырылып жаткандыктан, алгач аталган тилдердеги жалпы окшоштуктар жана айырмачылыктар белгиленет.

Кыргыз тили менен немис тили бири-биринен бир топ эле айырмаланат. Алардын эң негизги айырмачылыгы тилдердин генетикалык жана морфологиялык жактан классификациясы боюнча бөлүнүшүнөн башталат. Бул классификация боюнча түрк тилдери агглютинативдүү тилдерге кирет. Кыргыз тили түрк тилдеринин тобуна киргендиктен агглютинативдик типтеги тил болуп саналат. Ал эми немис тили тилдердин флективдүү тибине кирет, т.а., латын жана орус тилдери менен катар эле флективдүү тилдердин классикалык үлгүсүн түзөт.

Демек кыргыз тили менен немис тили ар кандай типтеги тилдерден болуу менен бирге грамматикалык жактан бири-биринен бир топ айырмаланат деген жыйынтык чыгарууга болот.

Белгилүү болгондой, грамматикалык айырмачылыктар морфологиялык жана синтаксистик мүнөзгө ээ. Тилдердин морфологиялык курамын салыштырууда негизги үч маселеге көңүл бурулат: грамматикалык категориялар, грамматикалык формалар жана грамматикалык маанилер. Анткени бул маселелер өз ара карым-катышта келип, тилдин грамматикалык өзөгүн түзүп турат [3, 83 — б.].

Анализ. Немис жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык айырмачылыктар катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

1. Кыргыз тилиндеги зат атооч сөз түркүмүнө род категориясы мүнөздүү эмес. Ал эми немис тилинде род категориясы өзгөчө мааниге ээ болуп, артикль кызматчы сөзү (der, die, das, die) аркылуу туюндурулат.

2. Немис тилинде төрт жөндөмө (Nominativ, Genitiv, Dativ, Akkusativ) жана жөндөлүштүн үч тиби (күчтүү, күчсүз, родко тиешелүү) болсо, кыргыз тилинде алты жөндөмө (атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш) категориясы жана жөндөлүштүн эки тиби бар.

3. Немис жана кыргыз тилдериндеги көптүк форманын уюшулушунда айырмачылыктар бар. Кыргыз тилинде көптүк форма зат атооч сөзгө –лар мүчөсүнүн (варианттары менен) жалганышы аркылуу жасалат.

Мисалы: *мектеп — мектептер.*

Ал эми немис тилинде көптүк форма төрт түрдүү жол менен жасалат:

а) суффикстин жардамы менен: das Kind — die Kinder; das Bild — die Bilder;

б) уңгудагы үндүүнүн өзгөрүшү аркылуу: der Vater — die Väter; der Apfel — die Äpfel;

в) суффикстердин жана уңгудагы үндүүнүн өзгөрүшү аркылуу: der Baum — die Bäume; das Haus — die Häuser; die Stadt — die Städte;

г) суффикс катышпайт, уңгудагы үндүү өзгөрүп, көптүк сандын формасынын милдетин артикль аткарат: das Gebäude — die Gebäude; der Fahrer — die Fahrer;

4.Немис тилинде сын атоочтордун жөндөмө жана сан категориялары бар, ушуга байланыштуу форма жаратуучу татаал системага ээ. Тагыраак айтканда, сын атоочтор сан боюнча өзгөрөт: Мисалы, dunkel (каралжын) — der dunkle Anzug же dunkler Anzug (каралжын костюм); golden (алтын) — ein goldner Ring (бир алтын шакек). Ал эми кыргыз тилинде сын атооч сан боюнча өзгөрбөйт.

5. Немис тилинде да, кыргыз тилинде цифрадан кийин зат атооч сөз келсе, көптүк мүчө жалганбайт: 1 студент, 5 студент — 1 Student, 5 Studenten.

6. Дүйнө тилдеринин бардыгына чак категориясы мүнөздүү. Этиштин чактары боюнча эки тилде сандык жана сапаттык жактан айырмачылыктар бар. Алсак, немис тилинде этиштин алты чагы белгиленет: Präsens, Präteritum, Perfekt, Plusquamperfekt, Futurum I, Futurum II, ал эми кыргыз тилинде этиштин үч чагы бар, алардын ар бири кыймыл-аракеттин аткарылышына карай ичинен топторго бөлүнөт.

Чак	Мисалы	Кыргыз тилине которулушу
Präsens (учур чак)	Ilona besitzt ihr eigenes Haus.	Илонанын өзүнүн үйү бар.
Präteritum (өткөн чак)	Ilona besaß ihr eigenes Haus.	Илонанын өзүнүн үйү болгон.
Perfekt (өткөн чак)	Ilona hat ihr eigenes Haus besessen.	Илонанын өзүнүн үйү бар болчу.
Plusquamperfekt (өткөн чак)	Ilona hatte ihr eigenes Haus besessen.	Илонанын өзүнүн үйү бар болгон эле.
Futurum I (келер чак)	Ilona wird ihr eigenes Haus besitzen.	Илонанын өзүнүн үйү болот.

Futurum II (келер чак)	Wenn wir unser Haus bis zum Ende bauen, wird Ilona ihr eigenes Haus schon längst besessen haben.	Биз үй куруп бүткүчө Илонанын өзүнүн үйү болот.

7. Немис тилинде сүйлөм ичинде өзгөчө мааниге ээ болгон модалдык этиштер болсо, кыргыз тилинде андай этиштер жок. Немис тилиндеги негизги модалдык этиштерге: können (мүмкүн, колунан келет), müssen (кылыш керек), sollen (кылыш керек, милдеттүү), wollen (каалоо), dürfen (мүмкүн, уруксаат алуу) жана mögen (каалоо-тилек). Кыргыз тилинде мындай модалдык этиштердин функциясын көмөкчү этиштер аткарат.

8. Немис тилинде этиштерге эки түрдүү залог (Aktiv, Passiv) мүнөздүү болсо, кыргыз тилине мындай аталыштагы категория жок. Бирок функциялык жактан бул категорияга кыргыз тилинде этиштин туюк мамиледеги формасы туура келет. Мисалы: Der Kraftfahrer hat einen Fussgänger überfahren.— Жүк ташуучу машиненин айдоочусу жолдо өтүп бара жаткан жөө кишини сүзүп кетти (Aktiv)

Der Fussgänger wurde von einem Kraftfahrer überfahren.— Жөө жүргүнчү жүк ташуучу машине тарабынан сүзүлдү (Passiv). [4, 91-б.].

9.Этиштин ыңгай категориясы боюнча да эки тилде айырмачылыктар бар: кыргыз тилинде этиштин беш ыңгайы (баяндагыч, буйрук, шарттуу, тилек, ниет) болсо, немис тилинде үч ыңгай (Indikativ, Imperativ, Konjunktiv) белгиленет.

10.Жактама ат атоочтор боюнча кыргыз тилинде род категориясы мүнөздүү эмес, немис тилинде er (ал – муж. род), sie (жен. род), es (жансыз нерселерге) ат атоочтору колдонулат.

11. Кыргыз тилинде предлог сыяктуу кызматчы сөздөр жок, немис тилинде өзгөчө грамматикалык топту түзүп турат. Предлогдордун милдетин кыргыз тилинде жандоочтор же кыйыр жөндөмө мүчөлөрү аткарат. Бирок сүйлөмдө жандоочтор сөздөн кийин келет, ал эми предлогдор сөздүн алдында келет. А. Жолдошбековдун изилдөөсүндө азыркы немис тилиндеги предлогдор жана алардын функциялык жактан кыргыз тилиндеги грамматикалык бирдиктерге шайкештиги талдоого алынат. Анткени кыргыз тилинде, башка түрк тилдери сыяктуу эле, предлог категориясы жок. Ошондуктан немис тилиндеги бир эле предлогго кыргыз тилиндеги ар кандай тилдик каражаттар туура келет. Типологиялык пландан алганда немис тилиндеги предлог менен кыргыз тилиндеги жандоочтордун ортосундагы жалпылыктар катары алардын синтаксистик катыштарды туюндурушу, этиштер аркылуу башкарылышы, кызматтык элементти аткарышын жана сүйлөм мүчөсү менен айкашуусун көрсөтүүгө болот [5,157-б.].

Немис тилинин грамматикасында жандоочтор өзүнчө кубулуш же категория катары каралбайт, бирок тилде өзгөчө орунду ээлейт. Мисалы, entlang (немис тилинин грамматикасындагы салттуу аталышы) предлогу негизинен, жандооч (den Fluß entlang) болуп саналат. Немис тилинде жандоочтун милдети сыяктуу meiner Meinung nach, von Kindheit an, von seinem Platz aus сөз айкаштары аткарат [6, 1-б.].

12. Немис тилиндеги этиштерге кыргыз тилинен айырмаланып префикс, мүнөздүү. Немис тилинде көптөгөн этиштер префикстин жардамы менен өзгөрүп, башка мааниге өтөт. Этиштин жак, чак формаларында кээ бир префикстер өзүнчө жазылса, кээ бирлери сөздөн бөлүнбөйт: anstehen — бөлүнгөн приставкалар– ich stehe an, du stehst an; bestehen — бөлүнбөгөн приставкалар — ich bestehe, du bestehst.

Немис тилинде 8 бөлүнбөгөн приставка бар: be-, ge-, er-, ver-, zer-, ent-, emp-, miss —.

Бөлүнгөн приставкалар: ab-, an-, auf-, aus-, bei-, ein-, los-, mit-, nach-, her-, hin-, vor-, weg-, zu-, zurück —.

13. Сөздөрдүн айкалышынан сөз жасоо немис тилинде кеңири кездешет, ал эми кыргыз тилинде сөз жасоонун мындай ыкмасы салыштырмалуу сейрек. Немис тилинде курамында эки, үч, төрт сөздөн турган татаал сөздөр кеңири колдонулат: der Handschuh — die Hand (кол) + der Schuh (бут кийим) = мээлей, кол кап; der Hexenkessel — die Hexe (жез кемпир) + der Kessel (казан) = тозок; die Hornhaut — das Hörn (мүйүз) + die Haut (тери) = айнек чел (көз); die Kornblume — das Korn (дан) + die Blume (гүл) = козу уйгак [7, 351-б].

Немис жана кыргыз тилдерин синтаксистик планда салыштырганда грамматикалык төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр бар:

1. Немис жана кыргыз тилдериндеги жай сүйлөмдө сөздөрдүн орун тартиби боюнча айырмачылыктар бар. Кыргыз тилинде баяндооч сүйлөмдүн аягында келсе, немис тилиндеги этиштик баяндооч өзгөрмөлүү келип, экинчи позицияда жайгашат. Мисалы: Die Kinder spielen auf der Strasse — балдар эшикте ойноп жүрүшөт [8, 2-б.].

2. Кыргыз тилиндеги жөнөкөй сүйлөмдөр курамындагы компоненттери боюнча немис тилиндеги жөнөкөй сүйлөмгө туура келбейт. Алсак, Кечээ киного бардым. Бул сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн баяндооч гана катышып, бир тутумдуу сүйлөм формасында түзүлгөн. Аны немис тилине которгондо эки тутумдуу сүйлөм формасында келет: Gestern bin ich ins Kino gegangen. Демек, немис тилинде эки тутумдуу сүйлөм басымдуулук кылат. Бул өзгөчөлүк немис тилиндеги белгисиз ат атооч man, жаксыз ат атооч es бирдиктеринин болушу менен түшүндүрүлөт.

3. Немис тилинде багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн багыныңкы бөлүгү баш сүйлөм менен байламта жана байланыштыргыч сөздөр менен тутумдашуусу кеңири таралган. Ал эми кыргыз тилинде багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмгө атоочтуктун, чакчылдын мүчөлөрү менен байланышат [9, 314-б.].

4. Кыргыз тилинде багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн баш сүйлөмү көпчүлүк учурда, багыныңкы бөлүгүнөн кийин келсе, немис тилинде багыныңкы компоненти баш сүйлөмдөн кийин же мурда келе берет.

5. Немис тилиндеги es donnert тибиндеги жаксыз сүйлөмгө кыргыз тилиндеги фразеологиялык айкаштарга, бир тутумдуу жаксыз сүйлөмдөргө туура келет. Немис жана кыргыз тилдериндеги жаксыз сүйлөмдөрдүн грамматикалык конструкциялардын структуралык-мазмундук жагы көпчүлүк учурда мазмундук планга шартталат [10, 344-б.].

6. Мезгил жана себеп багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм немис тилинде кыргыз тилине са-

лыштырмалуу арбын кездешет. Ал эми кыргыз тилинде мындай типтеги сүйлөмдөргө атоочтук, чакчыл аркылуу туюндурулган жаксыз баяндоочтор туура келет.

Жыйынтыктап айтканда, тектеш эмес тилдерге кирген немис жана кыргыз тилдеринде жалпылыктарга караганда, айырмачылыктар басымдуу келет. Эң негизги себеби, бул эки тилдин тектеш эместиги, типологиялык жактан бири агглютинативдик тилдерге кирсе, экинчиси флективдик тилдерге кирээрин тактап, анализ жүргүзүлдү.

Адабияттар

1. Бодуэн де Куртэнэ И. О смешанном характере всех языков/ И. Бодуэн де Куртэнэ.— М., 1963.— 28 с.

2.Баскаков Н. А. Сопоставительная грамматика русского и казахского языков/ Н. А. Баскаков.— [Электронный ресурс].— Режим доступа: URL: https://books.google.kzisbn=5458323602. (дата обращения: 01.04.2021).

3. Джолдошбеков А. Предлоги немецкого языка и их функциональные соответствия в кыргызском языке/ А.— Джолдошбеков.— Фрунзе, 1971.— 83 с.

4. Чойбеков Р. Безличные предложения в немецком языке и их киргизские соответствия/ Р. Чойбеков — Фрунзе, 1973.— 91 с.

5.Немис жана кыргыз тилдеринин фономорфологиялык типологиясы /Түзгөндөр: А. Жолдошбеков, О. С. Абдыкаимова.— Б., 2016.— 157 б.

6.Даниленко В. П. Общая типология языков / В. П. Даниленко. — [Электронный ресурс]. URL: https://books.google.kzisbn=5458323602. (дата обращения: 01.04.2021).

7. Кодухов, В. И. Введение в языкознание: Учебник для студентов пед. ин-тов / В. И. Кодухов.— М.: Просвещение, 1979.— 115 с.

8. Флективные языки.— [Электронный ресурс].— Режим доступа: URL: https://ru. wikipedia.org/wiki/ Флективные_языки). (дата обращения: 01.04.2021).

9.Кадыркулова Ф. Д. Проблемы типологического сопоставления синтаксических систем в немецком, кыргызском и русском языках (Опыт функционально-грамматического исследования/ Ф. Д. Кадыркулова — Б., 2014.— 314 с.

10. Moskalskaja O. Grammatik der deutschen Gegenwartssprache für Studenten der Hochschulen/ O. Moskalskaja— M., Vysschaja Schkola, 1983. – 344 p.